Ажыбекова О.А.

*№ 53 гимназия, Бишкек ш.*

# ЖӨНДӨМӨЛӨРДҮН МОРФОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Азыркы кыргыз тилинде тил менен ойлоонун ар кандай формалары, алар-дын жалпылыгы жана айрмагылыктары аныкталгандан кийин, сүйлөм тилдин формасы, ал эми ой жүгүртүү (суждение), ойдун формасы катары бири-бири менен органикалык байланышта турат; ал турсун көп учурда бири экинчисине дал келет, бирок аларда таптак окшош-тук, так бүтүндүк жок деген жыйын-тыкка келишкен (Е.М.Галкина – Федорус; Н.А.Баскаков ж.б.). Андан ары тил илиминде ойлоонун пайда болуу процесси ошол эле мезгилде (сүйлөмдүн) базасында пайда болот, жашайт деген маалымат берилген.

Ойду билдирүүчү сүйлөмдүн струк-турасы ойлоонун структурасына өз ара катышуусу, бирок сүйлөм өзүнүн составы боюнча алда канча татаал болгондуктан, логикалык категорияга дал келе бербейт. Ойлоо, ой жүргүртүү негизги эки элементтен турат: субңект жана предмет.

Ошентип, логикалык ойлоодо ырас-тоо жана таануу маанилери гана көзөмөлдөнөт да, алар субңект жана предмет аркылуу туюндурулат.

Тил бирдиктүү, бүтүн система болгондуктан, сүйлөмдүн негизин так аныктоо, тилдик башка бирдиктерден айырмалап турган негизги белгилерин тактоо, алардын пайда болуу механизм-дерин, табиятын билүү синтаксистин башкы маселеси болуп эсептелет.

Дүйнөдөгү тилдер генеалогиялык жана типологиялык жагынан эң эле ар түрдүү болгонуна карабастан, коомдук турмушта бир гана негизги милдети, пикир алышуунун каражаты болуу милдетин аткарат. Ошондуктан тил илиминде негизги критерийлердин бири катары сүйлөмдө белгилүү мазмундун, ойдун берилиши эсептелет.

Сүйлөмдөрдү изилдөөнүн жана үйрөнүүнүн тарыхы Аристотелден тартып ушул мезгилге чейин көп кылымдарды камтыган узак жолду басып өттү. Ошондой болсо да анын изилдей турган обңектилери жана чеги жөнүндөгү маселелердин бири сүйлөм.

Сүйлөм - ойду калыптандыруучу жа-на аны кабарлоочу билдирүүчү каражаты болгон кептин (речтин) грамматикалык жактан уюшулган, жыйнактуу бүтүн бирдиги.

«Кептин (кеңири мааниде) граммати-калык жактан уюшулган, жыйнактуу бирдиги» дегенде сүйлөм тутумундагы сөздөр тилдеги тең жана багыныңкы байланыштын принциптери боюнча бири-бири менен айкашат да, сүйлөмдү уюуштуруу да курулуш материалы боло алат.

Ойду калыптандыруучу жана аны кабарлоочу, билдирүүчү кептин бирдиги дегенде бардык эле сүйлөм белгилүү өлчөмдө аякталган ойду билдирет; сүйлөм аркылуу сүйлөөнүн оюу калыптанат, сүйлөмдүн базасында ой түзүлөт жана ал башка бирөөлөргө жетет деп түшүнүү зарыл.

Сүйлөм ар кандай сөздөрдүн катар айтылган суммасынан уюшулбастан, лексикалык-семантикалык маанилери боюнча жакындыгы бар, б.а., бири-бири менен айкашууга мүмкүнчүлүгү болгон сөздөрдүн грамматикалык жактан тутумдашуусунан түзүлөт. Бирок кады-ресе сөз жана сөздөрдүн айкашуусунан айрмаланып, сүйлөмдүн өзүнө гана таандык логикалык - грамматикалык белгилери болот.

Грамматика - сөз формасынын өзгөрүшү, курулушу жана сөз айкашы менен сүйлөм жөнүндөгү илим, тил илимин бир тармагы. Адам баласынын акыл оюнун узак убакыттар боюу абстракцияланган ишинин жыйынтыгы тилдин грамматикалык түзүлүшүндө чагылдырылган. Тилдин грамматикалык түзүлүшү кылымдар боюу түзүлөт жана жалпы элдик мүнөздө болот. Грамматика аркылуу тил адамдын ой-пикирлерин материалдык тил калыбына салууга мүмкүндүк алат. Грамматика менен лексика өтө тыгыз байланыштуу. Сөз сүйлөмдүн курулуш материалы болуп эсептелет. Сүйлөмдөгү сөздөр грамматикалык каражаттар аркылуу гана (б.а., грамматиканын карамагына түшкөндө гана) ой жагынан ырааттуулукка жетишет. Асан классташ досторуна сабактан жардам берет деген сүйлөмдөгү сөздөрдүн мүчөлөрүн алып таштап, Асан класс дос сабак жардам бер десек, кийинки сөз тизмеги кыргыз тилинде маани бере албайт. Грамматика жеке жана конкреттүү нерселерди, кубулуштарды алып отурат, аларды абстракциялап, андан эрежелерди жалпылайт. Мисалы, ат, эт, тоо, таш. Булардын ар бири конкреттүү, жеке заттын аты жана бири-биринен айырмаланат. Булардын ар бирине – лар мүчөсү жалганат да, алардын көптүк түрү жасалат. Ушунун негизинде жеке жана конкреттүү сөздөрдөн абстракция-ланып отуруп «-лар мүчөсү аркылуу зат атоочтун көптүк түрү жасалат» деген грамматикалык эреже келип чыгат. Мындай учурда жогоруда аталган конкреттүү ар бир нерсе эмес, ошолордон абстракцияланган заттык жалпы түшүнүк эске тутулат.

Грамматика морфология жана синтаксис бөлүмүнөн турат.

Морфология менен синтаксис грамматиканын өз ара байланыштагы бөлүктөрү болгону менен, алардын изилдей турган, үйрөнө турган обңектилери ар башка. Морфология жеке сөздөрдүн структурасын (негизги жана кошумча морфемалар), сөз өзгөртүүчү интетикалык формаларды, алардын өнүгүү, өзгөрүү эрежелерин жана закондорун изилдейт. Морфологиянын милдети сөз формаларын, алар аркылуу берилүүчү грамматикалык жалпы маанилерди үйрөтүүчү жана сөз түркүмдөрү жөнүндө окуу менен чектелбейт.

Мындан тышкары, лингвистикалык традиция боюнча, кээ бир сөз түркүмдөрүнүн сөз жасоо маселелери да морфологиядан орун алып келе жатат.

Ошол сөз жасоо маселесине кайрылсак, мүчөлөр маанисине жана милдетине карата сөз жасоочу, форма жасоочу жана сөз өзгөртүүчү болуп үчкө бөлүнөт.

Сөз жасоочу мүчөлөр уңгуга жалганып, андан жаңы сөз жасайт; мында сөз бир сөз түркүмүнөн экинчи бир сөз түркүмүнө өтөт (таш-ташта, камчы-камчыла), же башка сөз түркүмүнө өтпөй калышы да мүмкүн (мал-малчы, пахта-пахтачы). Эки учурда тең сөздүн лексикалык мааниси өзгөрөт.

Форма жасоочу мүчөлөрдөн да сөз-дүн мааниси өзгөрбөйт, жаңы сөз да жасалбайт.

Алар жалганган сөзүнө грамматикалык кошумча маани кийирүүчү сөз формалары болуп эсептелет.

Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уңгуга жалганганда, сөздүн мааниси өзгөрбөйт, грамматикалык кошумча маани кийрилет. Бирок алар сүйлөмдөгү сөздөрдү өз ара байланыштырууда синтаксистик каражат катары кызмат кылышат. Сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн бири жөндөмө мүчөсү кирет. Малдын, малды, малга, малда, малдан дегендер бир эле сөздүн маанисин өзгөрткөн жок. Бирок ушул эле сөздөн жасалган малчы деген сөздү мал деген сөздүн өзгөргөн формасы деп айтууга болбойт, анткени андан - чы мүчөсү аркылуу башка мааниде сөз жасалды.

Жөндөмөлөр категориясында зат атоочтор, башка атоочтук сөз түркүмүндө, же заттык мааниге өткөн сөздөр сүйлөм ичинде келгенде, аларга тигил же бул жөндөмөсүнүн мүчөсү жалганат да, ал мүчө уланган сөздү өзүнөн кийинки экинчи бир сөз менен байланыштырып, натыйжада сүйлөмдө-гү мүчөлөрдүн байланышын камсыз кылып, семантикасын түзөт.

Мисалы, Мектептин окуучулары экскурсияга чыгышты. Бул сүйлөмдөгү «Мектептин» деген сөздүн аягындагы «га» мүчөсү жасалган сөзүн кийинки «чыгышты» деген сөз менен байланыштырып, ирээттүү түзүлгөн сүйлөм ую-шулду. Эгерде бул мүчөлөрдү алып таштасак, сүйлөмдөгү сөздөрдүн өз ара байланышы бузулуп сүйлөмдө да байланыштуу маанини бере албай калат. Уланган сөздүн сүйлөмдөгү экинчи бир сөз менен байланыштырып, алардын ортосундагы грамматикалык мами-лелерди көрсөтүүчү мүчөлөр жөндөмө мүчөлөрдүн бардыгы менен өзгөрүшү зат атоочтун жөндөлүшү болот.

Кыргыз тилинде жөндөмөлөр алтоо: атооч, илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш.

Бул жөндөмөлөрдү негизги берген маанилерине карай грамматикалык жөндөмөлөр (атооч, илик, табыш) жана мейкиндик жөндөмөлөр (барыш, жатыш, чыгыш) деп эки топко бөлүүгө болот.

Мейкиндик жөндөмөлөр негизинен кыймыл-аракеттик мейкиндиктеги багытын (барыш) турган ордун (жатыш) же чыккан жерин, ордун (чыгыш) билдирип, жалпысынан мейкиндик мамилени билдирет.

Грамматикалык жөндөмөлөрдүн болсо, мейкиндикке анча тиешеси жок. Булар ар кандай грамматикалык мамиле-лерди билдирет. Мисалы, атооч жөндөмөсү заттардын таандык болуп айтылышын шарттайт, табыш жөндөмөсү болсо, заттарды обект кылып көрсөтөт.

Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөрдү С.А.Давлетов алардын башка сөздөр менен синтаксистик байланыштарга, касиеттерине жараша тике жөндөмө жана кайыр жөндөмөлөр деп эки топко бөлүп, минтип жазган: «Тике жөндөмө ошол сөздүн башка сөзгө багыныңкы же багыныңкы эмес абалда экендигин айкын билгизе албайт. Бирок речте ал басымдуу түрдө багынычсыз абалда, кээде гана багыныңкы мүнөздө колдонулат. Мындай жөндөмө катары атооч жөндөмөсү эсептелет».

Кыйыр жөндөмөлөр синтаксистик жактан ар дайым башка сөзгө багыныңкы мүнөздө

болот. Буга атоочтон башка: илик, барыш, табыш, жатыш, чыгыш жөндөмөлөрү кирет.

Жөндөмөлөр ар түрдүү маанилерди билгизе алат. Мындай өзгөчүлүктөр, биринчиден, жөндөмө, мүчөлөр уланган сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык табияттарына, сүйлөмдүн жалпы кырдаалына жараша аныкталат.

Дүйнө жүзүндөгү тилде жөндөмөлөрдүн сан жагынан ар түрдүү болушу, негизинен төмөнкү кырдаал менен түшүндүрүлөт: көпчүлүк жөндөмөлөр көп маанилүү келет да, айрым тилдерде ал маанилер бир гана жөндөмө менен берилет,натыйжада бир тилде жөндөмөнүн саны аз болсо, экинчисинде көбүрөөк болуп калат. Мисалы, хакас тилиндеги (барыш) (атха), направительный (багыт) (атсар- «атка карай» деген мааниде) жөндөмөлөрдүн маанисин кыргыз тилинде жалгыз барыш жөндөмөсү гана берет. Якут тилиндеги курал (орудийный падеж), биргелешүү (совместный падеж) жөндөмөлөрүнүн мааниси казак, шор, алтай, хакас тилдеринде бир гана курал (орудийный, творительный, творительно-совместный падеж) жөндөмөсү аркылуу берилет. Якут, алтай тилдериндеги салыштырма жөндөмө (сравнительный падеж) кыргыз тилинде сын атоочтун салыштырма даражасы менен берилет. Маселен, салыштыруучу зат чыгыш жөндөмөдө аталат да, сын атоочко – ыраак (-раак) мүчөсү жалганат: менден чоңураак, иштен жаңысыраак, Асандан кичирээк ж.б.

Жөндөмө мүчөлөр, менен, негизинен, зат атооч, ат атооч, субстандивдешкен сын атооч, атоочтук жана кыймыл атоочтор өзгөрөт. Жөндөмөлөрдүн бере турган маанилери эң эле бай жана ар түркүн.

Барыш жөндөмөсү. Азыркы кыргыз тилиндеги мүчөсү – га. Орхон-Енисей эстеликтеринде барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү төмөнкүдөй формада кездешет:

1) –га,-ге,-ка,-ке; -орызга, -ырыска; йзыка- жайыкка; йирке-жерге
2) –а,-е, жактама ат атоочтордон жана 1,2,3 – жактын таандык мүчөлөрүнүн жекелик түрүнөн кийин: маң-а-мага, сиз-е-сизге, каганың-а-ханыңа, йириңе-жерине, марым-а-мугалимиме, черигиңң-е – армиясына (аскерине барыш керек – И.А.), сабын-а- сөзүнө, илин-е мамлекетине. Бирок, 1-жактын таандык мүчөсүнөн кийин барыш жөндөмөсүнүн – ка, -ке формасында да улана берген: оглумка-уулума, элимке-элиме.
3) Орхон жазмасында барыш жөндөмөсүнүн –гару, -геру формасы да колдонулган. Бул эки мүчөдөн турат: барыштыкы –га, -ге жана багыт жөндөмөсүнүкү –ру: Огуз-гару-огузга, ил-герү-алдыга, чыгышка.
4) Барыш жөндөмөсү -йа формасында да колдонулган: йыра-йа дүккө, курыйа-батышка, бери-йа-түштүккө.

Байыркы эстеликтерде барыштын -гару мүчөсү айрым сөздөргө жалганганда башкы же аяккы тыбышы түшүп айтылып, түрдүү формада колдонулган: ару <(г) ару: бан-ару-мага,он-ару-ага, субын-ару-суусуна, -ар <(г) ар(у): ан-ар-ага; мун-ар-буга, -ра < (га) ру: он-ре-алга карай, ич-ре-ичке, таш-ра-тышка, сыртка; -кер (-гар, -кар) –гар (у): олумкер-олумго.

Барыш жөндөмөсүнүн байыркы -гару (-ру) мүчөсү кыргыз тилинде калдык катары төмөнкү инек тактоочтордо сакталып калган: жогору, илгери, тышкары, ичкери, ары, бери»[2].

Түрк тилдеринде каралып жаткан жөндөмө,тунгус-манчжур тилдеринен өзгөчөлөнүп,

мисалы, эвен, же монгол ж.б. тилдеринде дифференциалдуу мааниде колдонулат; о.э. тунгус, манчжур, монгол тилдеринде бул эки жөндөмө барыш-орун жөндөмөлөрү-нүн бир категориясын түзөт. Мындан тышкары монгол тилиндеги улантылуу жана багыт көрсөтүүчү жөндөмөлөрү-нө ылайык келет.

Ал эми калмак тилинде толуктооч, мисалы, кен-? кимге? кимде? же кама-рак? кайда? же кеза? каган? деген суроого жооп берип,барыш-орун жөндөмөсүнө туура келет.

Ошондой эле эвен тилинде ат атооч-тор эду? элду? кимге? эмнеге?, иду?-кайда? Деген суроого жооп берип, барыш-орун жөндөмөсүнө туура келет.

Эвен тилинде жогоруда айтылган түшүнүктөрдү көрсөтүүдө багытты жөндөп көрсөтүүчү жөндөмө барабар (тең) колдонулат.

Бирок башка учурларда түрк тилинде барыш-орун жондомолорунун окшош корунуштору пайда болот. Мисалы кыргыз тилинде «кайда?» (жатыш жөндөмосүнүн илик формасы) «где?» жана «куда?» деген мааниде колдонулат.

Мындай окшош учурларга тиешелүү багыт көрсөтүүчү барыш жөндөмөсү-нүн формасы жатыш жөндөмөсүндө колдонулса, анда муну, барыш-орун жөндөмөсүн окшош көрүнүшүндө эмес, барыш жөндөмөсүнүн башкаруу-сунда этиштин түшүп калышын жыйын-тыктап карайбыз.

Түрк тилдериндегидей эле, башка тилдердин катарында каралып жаткан жөндөмө кыйыры жок аралык менен убакыт мамилесин көрсөтөт» [2].

Негизги түркологиялык адабиятта барыш жөндөмөсү негизги жөндөмө-лөрдүн катарында көрсөтүлүп келет. Кыргыз тилинде бул жөндөмө «барыш» деп аталат (бар-баруу деген багыт көрсөтүүчү этиштен), жөндөмөнүн ба-гыттык функциясын айтып турат.

Ушул сыяктуу орус түркологиялык адабиятында «барыш жөндөмө» каралып жаткан жөндөмөнүн багыт функциясын өзүнчө аныктабайт, о.э. кыргыз тилинде барыш деген термин барыш жөндөмөнун жекече функциясын ачык көрсөтпөйт.

«Багыт көрсөтүүчү барыш жөндө-мөсү» деген термин эң эле ылайыктуу келет. Кыргыз тилинде аны, мүмкүн болушунча, «бериш-барыш» жөндөмө деп атаса болмок, бирок терминдин көлөмдүүсүнүн (нормасынын) натый-жасында «барыш» деп жайылып кала берет.[1]

## Адабияттар

1. Карасаев Х. Семантика падежей в кыргызском языке. -Труды института языка, литературы и истории Киргизского филиала АН СССР, 1. (1944),1945.с.34-35

2 Кудайбергенов С., Турсунов А., Сыдыков Ж. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы:фонетика ж-а морфология.

–Фрунзе: Илим, 1980, 197-198-б.

3. Абдувалиев И. Кыргыз тили: морфология. - Бишкек, 2003, 50-51-б.б.

4. Абдулдаев Э., Давлетов С., ИмановА., Турсунов А. Кыргыз тили: морфология. - Фрунзе, 1986, 140-141-б.б.

5. Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили: морфология. - Фрунзе, 1980